**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын төрайымы Н. Шайылдабековага**

**Сузак районуна караштуу Таш- Булак айыл айылдык кеңешине номер экинчи Таш - Булак округунан депутаттыка талапкер Сополова Разия Аттокуровнадан.** Сузак району, Таш – Булак айыл окмоту, участок Доскана ул. Сатыбалдиева № 25. Тел. 0773692279

**Арыз**

Менин арыз менен кайрылганымдын себеби төмөндөгүчө: 2021 - жылдын 11-апрелинде жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо болуп өттү. Мен депутаттыка койгон номер экинчи Таш - Булак округунда шайлоо мыйзамдарынын 17 - 1 беренеси одоно түрдө бузулуп, менин талапкер катары укугум тебеленгендигинен улам сиздерге жардам сурап кайрылып жатам. Себеби талапкер Султанова Яркынайдын күйөөсү Султанов Эркин, Таш - Булак айылынын айыл башчысы болгондугунан улам, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланып, шайлоочуларга басым жасап үймө үй агитация жасап, агитациялык материал таркатып шайлоочуларды коркутуп үркүткөнү маалым болду. Бул боюнча шайлоочулар көрсөтмө берет жана аудио запистерим далил боло алат. Шайлоо күнү дагы шайлоо өтүп жаткан участоко келип, шайлоого кирип жаткан адамдарга шыбырап үйрөтүп жатканда ошол жердеги талапкер аял кетип кал болбосо милиция чакырам деп зорго кетирди. Султанов Эркин шайлоочулардын пасобиясын бекерге чыгартып берем туугандарыңа шайлатып бер, шайлоодо текшерип алам деп адамдарды коркутуп шайлоочуларды коркууга салып басым жасап келди. Үймө үй материал таратканы боюнча шайлоочу Түрсүнай эже жана Динара деген келин тастыктап берет. **Ошондуктан шайлоочуларга шайлоо күнү жана шайлоого чейин басым өткөргөндүктөн добуштар бөлүнүп менин шайлоочуларымдын укугу тебеленип мага керектүү добуш ала албай калганымды эсепке алып КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо мыйзамынын 17- 1 беренесинин негизинде Айыл башчы Султанов Эркиндин жасаган иштерине мыйзам чегинде чара көрүп, аялы Султанова Яркынайдын добуштарын жокко чыгарып, аталган округдан аялдар квотасы менен менин талапкерлигимди өткөрүп берүүнүздөрдү суранам.**

Тиркеме: 1 CD диск.

**Сополова Р. А.**
**18.04.2021**

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-12/1331
19 . 04 . 2021 ж/г